# Наркотикага каршы күрөшүү





**Баңгилик**

**(грек. — жиндилик, өтө кумардануу, кызыгуу.) — наркотиктерди жана наркотиктик таасири бар заттарды чегип же ичип көнүүдөн пайда болуучу өнөкөт дарт.**




## Наркотиктен көз каранды болуу

Баңгилик адамды наркотикти дайыма талап кылуу абалына жеткирип, анын акыл-эси жана күч-кубаты наркотикти кабыл алган же албагандыгына жараша болот. Ал ден соолукту бузуп, социалдык деградацияга дуушарлантат. Башты айлантып, мас кылып, магдыратуучу касиети бар апийим, кокаин, нашаа, марихуана, алкоголь, морфий, бром сыяктуу заттар наркотикке кирет.



**Баңгилик**

**наркотиктин сыйкырдуу күчү бар деген аңыздан улам тарашы ыктымал, чындыгында анда эч касиет жок; уулануунун гана бир түрү. Көбүнчө социалдык жүрүм-туруму бошоң, бекерпоз өспүрүмдөр баңги болушат.**

**Баңгиликке эки жол менен кабылуу мүмкүн. Биринчиден — догдур дайындаган наркотик заттарды түшүнбөстүктөн баш аламан колдонуунун кесепетинен келип чыгат.**



**Мүнөздүү белгилери**

Баңгилик наркотиктерди кайра-кайра алып наркотикке мас болуу, магдыроо сезиминин козголушунан башталат. Ага көбүнчө психикалык жактан жетилбеген, тынчы жок, туруксуз, өзүмчүл, оома адамдар дуушар болот.



Наркотикке психикалык муктаждык калыптанып, ансыз алар эч нерсеге канааттанбай, «бирдеме жетишпегенсип» турат. Ооруксунуудан, жагымсыз сезимдерден кутулуу, уйкуну келтирүү үчүн алар наркотикти көп өлчөмдө кабыл алышат. Бул мезгил наркотиктин түрүнө жана күчүнө жараша бир нече жумадан 1 — 2 жылга созулат. Акырындап ансыз жашай албай калышат. Керектелүүчү наркотиктин өлчөмү арбый берет. Бул этапта наркотикти кабыл алуу жагымдуу, жан көшүлтчү, алсыратчу таасир берет.

**Баңгиликке өтүүнүн 2-жолу** — наркотикти мас болуп, магдыроо максатында атайын кабыл алуу. Мындай кишилер өзүн өзү контролдой албайт. Баңгиликке тез берилип, көп дозадагы наркотик кабыл ала баштайт. Баңгилик наркотиктен мас болуу, магдыроо сезимди эңсеп, аны кайталап кабыл алуудан башталат. Наркотиксиз алар канааттанбагандыкты, «бир нерсе жетишпегендикти» сезишет. Андай кишини наркотик гана тынчытат жана канааттандырат. Ошентип наркотикке психикалык ынтызарлык калыптанып, өнөкөткө айланат. Наркотикти кабыл алган сайын анын организмге таасири басаңдайт, ошондуктан оорулуу дозасын көбөйтүп кабыл ала баштайт. Соо кезиндеги жагымсыз абалдар (тынчы кетүү, көңүл чөгүү, наркотикти кантип табууну ойлонуу жана башка) жоголгондуктан, мас болгондо жагымдуу, көшүлтүүчү сезим пайда болгонсуйт.

**Бул абалдан чыгуу үчүн** ал эптеп аны таап кабыл алуу үчүн өзүн кемсинтүүгө, калп айтууга, ууру кылуу жана башка кылмыштарга барат. Эгер 1 суткадан ашык наркотик кабыл албай калса, абстиненттик синдром (өмүргө коркунучтуу өтө оор психикалык бузулуу жана алы кетүү) пайда болот. Наркотик колдонбой калганда баңги токтоно албай оор абалда болот; башы ооруп, шайы кетет, кара терге түшүп, уйкусу качат, окшуйт, өңү кубарып, кыжырданат, себепсиз коркуп, сестене баштайт. Абстиненция жакындай баштаганда наркотикти колдонуу магдыраткан, жагымдуу абалга алып келбейт. Аны эми өлүп калбас үчүн гана пайдаланып калат. Абстиненция абалында адам өзүн өзү өлтүрүшү да мүмкүн. Абстиненттик мезгилде тырышуу, акыл-эстен ажыроо, галлюцинация, жөөлүү жана башка болот. Организмдин бардык системаларынын иши начарлайт, кан басымы көтөрүлөт, жүрөктүн кагышы тездейт, булчуңдар ооруйт, түйүлөт, тамак сиңирүү органдары бузулат. Оорунун өнүгүшү менен наркотикти көтөрө албай калат, мурдагы доза оор ууланууга алып келиши мүмкүн. Бара-бара организми уукан адам аябай арыктап, наркотиктин залдарынан түрдүү ооруларга чалдыгат. Ошол дарттын кесепетинен жана наркотик денесине аппсере сиңгендиктен өлүмгө учурайт.

- *Спайс деген эмне?*



- 

Спайс – түрдүү синтетикалык заттардан турган, чөп түрүндөгү чегүүчү кошулмалар. Курамында марихуана бар болгондуктан, анын аналогу деп дагы айтышат. Баңгизаттардын эң зыяндуусуна кирет. Аны колдонгондо баш ооруйт, кусуп, депрессия болуп, бийиктиктен учууну каалап, көп кабаттуу имараттардан боюн ташташат. Психозго дуушар болот, депрессияга чалдыгат.
Спайсты көп колдонгондордун мээ клеткалары өлүп, иштөө функциясы бузулат. Жүрөк, боор, өпкөнү жабыркатып, көзүнө ар нерсе көрүнүп, өзүн-өзү өлтүрүүгө алып барат.